Аспирант Азимова Алимакан Алибаевнанын “ЖОЖдун билим берүүчүлүк процессинин натыйжалуулук мониторингинин маалыматтык тутумун иштеп чыгуу” деген темадагы 05.13.01 – тутумдук талдоо, башкаруу жана маалыматты иштеп чыгуу адистиги боюнча техника илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясына илимий жетекчи, т.и.д., профессор Б.Т. Торобековдун

# ПИКИРИ

**Изденүүчүнүн жалпы мүнөздөмөсү**

Азимова Алимакан Алибаевна, 1998-жылы Ош технологиялык университетин (ОшТУ) “ Эсептөө техникасын жана автоматташтырылган системаларды программалар менен камсыздоо” адистигин артыкчылык диплому менен бүтүргөн. 2018-жылы ОшТУнун 05.13.01 – тутумдук талдоо, башкаруу жана маалыматты иштеп чыгуу адистиги боюнча аспирантурага тапшырган. 2018-жылдан бери жогорку окуу жайларында мониторинг системасын өнүктүрүүгө байланышкан маселелерди изилдеп, иштеп келет.

Аспирантурада окуп жүргөндө жана ОшТУда билим берүүнүн сапаты, аккредитациялоо жана лицензиялоо бөлүмүндө иштеп жүрүп, өзүн жоопкерчиликтүү, абийирдүү, демилгелүү, илимий ишинин максатын жана милдеттерин так түзө алган, алдыга койгон максаттарына жетүү үчүн максаттуу жана өжөрлүк менен иштеген илимий кызматкер экенин далилдеди.

Изденүүчү тарабынан алынган теориялык жана практикалык натыйжалар автордун жогорку квалификациялуу, изилдөө предметин терең түшүнүүгө, анализдөөгө жана көйгөйлөрдү чечүү үчүн илимий усулдарды ийгиликтүү колдонууга, заманбап маалыматтарды иштеп чыгуунун жардамы менен алынган натыйжаларды билгичтик менен иштеп чыгууга жана интерпретациялоого жөндөмдүү деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет.

*Диссертациянын темасынын актуалдуулугу, изилдөө жыйынтыктарынын теориялык жана практикалык мааниси*

А.А. Азимованын диссертациясы жогорку окуу жайларында мониторинг системасын калыптандырууга байланыштуу теориялык жана практикалык маселени чечүү үчүн актуалдуу болуп эсептелет.

Билим берүү кызматтарын башкаруу, талдоо жана баалоо системасын түзүү процессинде усулдарды, алгоритмдерди жана маалыматтык камсыздоонун тийиштүү инструменттерин иштеп чыгуу талап кылынат. Ушуга байланыштуу маалыматтык системалардын негизинде университеттин окуу процессине мониторинг жүргүзүү моделин иштеп чыгуу боюнча илимий изилдөөлөр актуалдуу болуп саналат.

Диссертацияда сунушталган маалыматтык системалардын негизинде окуу процессине мониторинг жүргүзүү системасын иштеп чыгуунун усулдук аспектилери илимий жаңылыкка ээ болуп, изденүүчү тарабынан сунушталган негизги жоболор жана корутундулар конкреттүү сунуштардын деңгээлине жеткирилип, ОшТУда колдонулган. Изилдөөлөрдүн натыйжалары бир нече жолу эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда

баяндама жасалып, талкууланган. Диссертациялык изилдөөнүн негизги тыянактары 28 илимий эмгекте, анын ичинен 11 КРнын УАК КРП тарабынан сунушталган журналдарда; 6 эл аралык илимий конференциянын материалдарында; 3 чет өлкөлүк мезгилдүү басылмада; 1 Scopus системасында катталган журналда жарыяланган; Кыргызпатенттен 1 ЭЭМ үчүн программага жана 3 автордук күбөлүктөр алынган жана 2 усулдук колдонмо иштелип чыккан.

*Алынган натыйжаларга изилдөөчүнүн жеке салымы.*

А.А. Азимованын диссертациясы жогорку илимий-методикалык деңгээлде аткарылган жана аякталган өз алдынча изилдөө иши болуп саналат. Автор окуу процессине мониторинг жүргүзүү үчүн колдонулган усулдарды жеке талдап, ЖОЖдун билим берүү ишмердүүлүгүнүн натыйжаларынын эффективдүүлүгүн баалоодо маанилүү аспектилерди белгиледи. ЖОЖдун билим берүүсүнүн мониторингинин көрсөткүчтөр системасы иштелип чыкты жана формалдаштырылды, ЖОЖдун билим берүүсүнө мониторинг жүргүзүү усулдары жана маалыматтык мониторинг системасынын модели иштелип чыкты.

Алгачкы маалыматтарды чогултуу жана талдоо, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, изилдөөлөрдүн натыйжаларын сыноо, аткарылган иштер боюнча ири басылмаларды даярдоого автор түздөн-түз катышкан.

*Жалпы корутунду.*

Изденүүчүнүн илимий багыты жана анын жеке сапаттары, изилдөө предмети боюнча компетенциялары, илимий булактар менен иштөө жөндөмдүүлүгү жана диссертациянын теориялык жана практикалык маанисине баа берүү, алынган натыйжаларга автордун жеке салымын эске алып, Алимакан Алибаевна Азимовага 05.13.01 – тутумдук талдоо, башкаруу жана маалыматты иштеп чыгуу адистиги боюнча техника илимдеринин кандидаты илимий даражасын ыйгарууга сунуш кылууга болот.

**Илимий жетекчи**
“Кыргыз Республикасынын билим
берүүсүнө эмгек сиңирген ишмер”,
техника илимдеринин доктору, профессор Торобеков Б.Т.

15.10.24 г.

И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ
Колун тастыктайм
Адам ресурстар башкармалыгынын башчысы